Ошентип, кайсы гана эл болбосун, кайсы доор болсо да өз сезимин, толкуткан жүрөк кубанычын, кайгы-касиретин, сүйүнүч-кайгысын ырга салып жеткизген. Ошондуктан эл арасында «Сүйүнгөн ырчы болот, күйүнгөн күүчү болот» деген макал тегин жерден айтылбаган. Демек, ар бир ырдын жаралуу тарыхы, таралуу жайы бар. Алардын бири, кубаныч-сүйүнүч үстүндө жаралса, экинчиси эмгек процессинде, үчүнчүсү ар түрдүү салттык жөрөлгөлөргө байланыштуу пайда болгон.

Казак элинин оозеки көркөм чыгармачылыгындагы элдик ырлар дүйнөлүк фольклористикадагы эң кызыктуу жана кайталангыс сөз өнөрүнөн кабар берет. Ал башка элдердин көркөм сөз маданиятынан кескин айырмаланып турат. Элдик оозеки чыгармачылыктагы элдик ырлар казак элинин кайталангыс мурасы экени талашсыз.

Жыйынтыгында белгилей кетүүчү нерсе: элдик ырлар кыргыз, казак элдерине бирдей тараган көркөм чыгармачылык жана элдик оозеки чыгармачылыктын кылымдардан кылымдарга жашай бере турган көөнөрбөс мурасы десек, жаңылышпайбыз.

**Адабияттар:**

1. Аникин, В. П. Русские народные пословицы, поговорки, загадки и детский фольклор [Текст] / В. П. Аникин. - М., 1957.
2. Акматалиев, А. Үйлөнүү үлпөт салты жана ыры [Текст] / А. Акматалиев. - Бишкек, 2000
3. Ахметов, Ш. Казак балалар адабияты тарыхынын очерки [Текст] Ш. Ахметов. - Алма-Ата, 1965.
4. Валиханов, Ч. Ч. Избранные произведения [Текст] Ч. Ч. Валиханов. - Алма-Ата, 1958.
4. Казахская народная поэзия [Текст]. - Алма-Ата, 1964.
5. Ерзакович, Б. Г. Песенная культура казахского народа [Текст] / Б. Г. Ерзакович. - Алма-Ата, 1966. - 44-бет.
6. Кебекова, Б. Кыргыз-казак акындар байланышы [Текст] / Б. Кебекова. -Фрунзе, 1985.

DOI: https://doi.org/10.69722/1694-8211-2025-60-194-200
УДК: 801

***Жумашова Н. А.**, филол. илимд. канд.*
*nasira2101@mail.ru*
*ORCID: 0009-0005-7431-9959*
***Тилекова Н.**, магистрант*
*n8216050@gmail.com*
*ORCID: 0009-0009-1874-1046*
*К. Тыныстанов ат. ЫМУ*
*Каракол ш., Кыргызстан*

## БУУДАЙБЕК САБЫР УУЛУНУН ФОЛЬКЛОР ЖЫЙНООЧУ КАТАРЫ ИШМЕРДҮҮЛҮГҮ

*Бул макалада элибиздин салт-санаасын, каадасын, бай тарыхын, маданиятын камтыган адабиятыбыз менен тааныштырып, аларга ар тараптуу тарбия берүү, фольклорду окутуу, үйрөтүү милдети бар 50 жылдык чыгармачылык өмүрүн эл арасынан элдик оозеки чыгармаларды, күүлөрдү жана аларды жараткан өнөрлүү инсандар тууралуу маалыматтарды жыйноого арнап, ошону менен катар эле элибиздин маданиятына, кыргыз фольклоруна көөнөрбөс мурас калтыргандардын сап башында турган инсан, элдик оозеки*

*чыгармаларды жыйноочу, изилдөөчү, акын, котормочу, окумуштуу Буудайбек Сабыр уулу тууралуу учкай сөз болот.*

*Ар бир элдин маданий мурастарына кайрылганда, ал мурастардын жаратуучулары бар болгондугун көрөбүз. Ал эми ал жаратуучуларды кагаз бетине түшүрүп, биздин күнгө жетишине зор эмгек калтырып кеткен жыйноочулар, изилдөөчүлөр жөнүндө учкай гана кеп кылып келебиз.*

*Буудайбек Сабыр уулунун эмгекчилдиги жана ак пейилдүүлүгү менен адамдык бийик сапаттарга ээ, жөнөкөй болуусу, өзгөчө, ички дүйнөсүнүн тазалыгы, акыл-билим байлыгы, адамгерчилиги, изденүүсү эң жогорку деңгээлде бааланат. Буудайбек Сабыр уулунун бай мурасы келечек муун үчүн өрнөк боло алат десек, жаңылышпайбыз.*

***Түйүндүү сөздөр:*** *оозеки чыгармачылык, адеп-ахлак, адам, акын, эпос, мурас, сөз, тарых, салт-санаа, каада-салт, маданият, адабият.*

***Жумашова Н. А.****, канд. филол. наук*
*nasira2101@mail.ru*
*ORCID: 0009-0005-7431-9959*
***Тилекова Н.****, магистрант*
*n8216050@gmail.com*
*ORCID: 0009-0009-1874-1046*
*ИГУ им. К. Тыныстанова*
*г. Каракол, Кыргызстан*

## ДЕЯТЕЛЬНОСТЬ БУУДАЙБЕКА САБЫР УУЛУ КАК СОБИРАТЕЛЯ ФОЛЬКЛОРА

*В данной статье рассматривается 50-летняя творческая деятельность Буудайбека Сабыр уулу, направленная на сохранение и изучение устного народного творчества, музыкальных произведений и культуры кыргызского народа. Он оставил значительное наследие как собиратель, исследователь, поэт, переводчик и учёный, стоя в первых рядах тех, кто внес неоценимый вклад в сохранение кыргызского фольклора и культуры.*

*Обращаясь к культурному наследию любого народа, мы видим, что у этих богатств всегда есть создатели. Однако тех, кто записывал и сохранял это наследие для последующих поколений, собирателей и исследователей, часто упоминают лишь вскользь.*

*Трудолюбие и искренность Буудайбека Сабыр уулу, его высокие моральные качества, скромность, внутреннее богатство, мудрость, человечность и стремление к знаниям заслуживают самой высокой оценки. Наследие, оставленное им, является бесценным примером для будущих поколений.*

***Ключевые слова:*** *устное творчество, нравственность, человек, поэт, эпос, наследие, слово, история, традиции, обычаи, культура, литература.*

***Zhumashova N. A.,*** *Ph.D. in philology*
*nasira2101@mail.ru*
*ORCID: 0009-0005-7431-9959*
***Tilekova N.,*** *master student*
*n8216050@gmail.com*
*ORCID: 0009-0009-1874-1046*
*K. Tynystanov Issyk-Kul State University*
*Karakol, Kyrgyzstan*

## THE WORK OF BUUDAYBEK SABYR UULU AS A FOLKLORE COLLECTOR

*This article examines the 50-year creative career of Buudaybek Sabyr uulu, dedicated to preserving and studying the oral traditions, musical compositions, and culture of the Kyrgyz people. He made a significant contribution as a collector, researcher, poet, translator, and scholar, standing among the foremost figures who left an invaluable legacy for Kyrgyz folklore and culture.*

*When exploring the cultural heritage of any nation, we see that such treasures have their creators. However, the collectors and researchers who documented and preserved this heritage for future generations are often mentioned only briefly.*

*Buudaybek Sabyr uulu's diligence and sincerity, his high moral standards, humility, inner richness, wisdom, humanity, and thirst for knowledge are highly commendable. The rich legacy he left serves as an invaluable example for future generations.*

***Keywords**: oral creativity, morality, person, poet, epic, heritage, word, history, traditions, customs, culture, literature.*

Байыркынын баркы болбосо, өткөндүн даңкы жана бакубат кыргыз эли болбойт. Адамдын табиятынын негизинде жаткан руханий баалуулуктар, табият мыйзамдары, адеп-ахлактык принциптер күн сайын алсырап баратат. Демек, мындай учурда руханий баалуулуктарга, маданий мурастарга болгон мамиле, аны терең үйрөнүү, өздөштүрүү, адеп-ахлактык принцип катары пайдалуу эмгек кылуу, ошондой эле бул иш-аракеттер аркылуу тарбиялоо, интеграциялоо жана реформалоо толугу менен жаңыланып, кайра ойлонулушу керек. Мындай пикир – бүгүнкү замандын талабы.

Чындыгында, элдик оозек чыгармачылык – тарых гана эмес, ал белгилүү бир элдин жашоо-турмушун, каада-салтын чагылдыраары талашсыз маселе.

"Адамдын акыл мүмкүнчүлүгүнүн зордугун, баамдоосун, сезим-туюмду, аң-сезимди, социалдык-тарыхый мамилени, коомдук турмушту чагылдырган – көркөм сөз өнөрү". "Акын-импровизаторлордун ырчылык искусствосун элдик эпостон кийинки этап, бир аз жогору тепкичте турган көркөм кубулуш деп кароо ылайык. Фольклордун нускалуу салттарына каныккан бул өнөр идеалдуулук менен чеберчиликтин оозеки адабият буга чейин жетпеген чокуларына чыга алды" [2].

Турмуштун уланышы дайыма өз нугунда жүрүп турат, көптөр төрөлсө, дагы башкалары жашоо менен коштошушат. Бул дүйнөдө өмүр сүрүү, кайра кайтуу жолунда максаттуу өмүр сүрүп, эли үчүн ак эмгек кылып, өчпөс из калтырган улуу инсандарга элибиздин уучу кур эмес. Белгилүү кыргыз жазуучусу Аалы Токомбаев "Өмүр бизден өтүп кетсе, эл эмгектен эстесин", - деп айткандай, биз аларды эмгектери аркылуу эстеп, мурастарын казып, изилдеп жатабыз. Мына ошондой адамдардын арасында ар кыл таланттын, тырышчаактыктын аркасында темирдей бекем болуп, элибиздин маданиятына, кыргыз фольклоруна көөнөрбөс мурас калтыргандардын сап башында элдик оозеки чыгармаларды жыйноочу, изилдөөчү, акын, котормочу, окумуштуу Буудайбек Сабыр уулу да бар.

Бүгүнкү күндө жеткинчектерге, окуучуларга, студенттерге элибиздин салт-санаасын, каадасын, бай тарыхын, маданиятын камтыган адабиятыбыз менен тааныштырып, аларга ар тараптуу тарбия берүү маселеси турат. Бул маселеде кыргыз адабиятынын артынган жүгү өзгөчө орунда турары жалпыбызга белгилүү. Мына ушул жерде билим берүү жана агартуу жаатында бала бакчадан баштап, жогорку окуу жайга чейин адабиятты, анын ичинде фольклорду окутуу, үйрөтүү милдеттери бар. Биз бул процессте 50 жылдык чыгармачылык өмүрүн эл арасынан элдик оозеки чыгармаларды, күүлөрдү жана аларды жараткан өнөрлүү инсандар жөнүндө маалыматтарды жыйноого арнаган Буудайбек Сабыр уулунун эмгектерине кайрылууну туура көрдүк.

Улуу талант, өжөрлүк – жөн эле адамдык сапат эмес. Бул үчүн анын топурагы, суусу, каны менен шайкеш келген тубаса касиеттүү инсан болушу шарт. Ошондо бул шык-жөндөмдөр, таланттар, эмгекчилдик, иштермандык, жөнөкөйлүк, өжөрлүк жана чыныгы атуулдук менен айкалышат эмеспи. Буудайбек Сабыр уулунун эмгекчилдиги

жана ак пейилдүүлүгү менен адамдык бийик сапаттарга ээ, жөнөкөй болуусу, өзгөчө, ички дүйнөсүнүн тазалыгы, акыл-билим байлыгы, адамгерчилиги, изденүүсү өтө жогору бааланат жана анын бай мурасты келечек муун үчүн калтырууга арнаган өмүрү өрнөк боло алат десек, жаңылышпайбыз.

Тилекке каршы, көзү өтүп кетсе дагы бир топ эмгегин калтырып, өмүрүнүн жарымынан көбүн жыйноочулукка арнап кеткен инсандын эмгегин пайдаланып, бирок анын артындагы жүгүн, ысык-суугун көрүп, ары татаал, оор мезгилде кыйнчылыкка, барга-жокко чыдап, деги койчу, эчендеген азаптуу мезгилдин артында мурасын калтырган Буудайбек Сабыр уулунун эмгегин айтпай, атын атабай, татыктуу баа бере албай келебиз. Нарктуу элибизде “Атын атаса, куту сүйүнөт” деген терең маанилүү сөз бар. Анын сыңары, Буудайбек атабыздын эмгегин айтып, анын бай мурасына дагы да кайрылуу, изилдөө милдетибиз деп ойлойбуз.

Буудайбек Сабыр уулу 1933-жылы Чүй районундагы Дөң-Арык айылында колхозчунун үй-бүлөсүндө жрык дүйнөгө келген жана башталгыч классты Дөң-Арык мектебинде окуган экен. Атасы Айтымбет уулу Сабыр эскиче арабча окуган сабаттуу, ак көңүл, адамга жаман айтпаган, эл ичинде кадырлуу, уламыш-жомокторду көп билген, мергенчи, темир уста, дыйкан киши болсо, ал эми апасы Канымбүбү Эгинбай кызы да колхоздо иштөө менен бирге, текшерүү комиссиясынын председатели болуп, элге алынган сөзү өтүмдүү адам болгону маалым.

Буудайбек Сабыр уулу мектепке бара элек кезинде эле ага эжелери Үпөл, Калыйпа көркөм адабият китептерин көп окуп берип, бала күндөн адабий табитинин өсүшүнө өбөлгө түзүп, анын эл арасынан элдик оозеки чыгармаларга, күүлөргө жана аларды жараткан өнөрлүү инсандар жөнүндө маалыматтарга кызыгуусу артып, жыйноосуна салым кошкон десек болот.

Тилекке каршы, атасы Сабыр 1943-жылы Ата Мекендик согушта курман болуп, апасы апасы Канымбүбү да 1945-жылы каза табат. Мына ушундан кийин Буудайбек Сабыр уулу Ак-Талаа райондук финансы бөлүмүнүн башчысы болуп иштеген агасы Ниязалиев Сейтаалынын колуна келет. Дөрбөлжүн айылындагы мектептен 9-классты бүтүрөт. Ак-Талаа мектебинде окуп жүргөн кезинде «Колхозчу», республикалык «Ленинчил жаш», «Кыргызстан пионери» газеталарына ырларын жазып, чыгарып жүрөт.

Ал 1949-1950-окуу жылында Бишкек шаарындагы №5 кыргыз орто мектебинен 10-классты аяктап, 1950-1954-жылдары Кыргыз маммлекеттик университетин ийгиликтүү бүтүрөт. Эң кызыгы, Буудайбек Сабыр уулу орус тилин жакшы билчү эмес экен. Ошондуктан ага окуу абдан кыйын болуптур. Бирок мүнөзүнүн жөнөкөйлүгүнөн улам үчүнчү курста гана кыргыз тобуна кирүүгө арыз бериптир.

Институтту бүтүргөндөн кийин «Жаш ленинчи» журналында бөлүм башчы, жооптуу катчы, «Кыргызстан пионери» гезитинин бөлүм башчысы, «Мектеп» басмасынын редактору болуп эмгектенген. Кыргыз Улуттук илимдер академиясынын Тил жана адабият инстутунун Кол жазмалар фондунда илимий кызматкер болуп да иштеген, ошондой эле ал Генрих Гейненин «Силезиялык токуучуларын», Адам Мицкевичтин «Ырларын», «Индиянын балдарын» – индия жазуучуларынын аңгемелерин – которуп, өзүнчө китеп кылып чыгарууга да жетише алган.

Ошону менен катар эле, ал акындар, манасчылар, комузчулар, кыякчылар жана чоорчулар туурасында «Унутулгус кездешүүлөр» «Эл шайырлары» аттуу оргиналдуу китептерди жазган жана «Эл куудулдары» «Жомокчулар жана жомоктор» деген жыйнакты даярдаган. 1961-жылдан тартып Кыргыз телерадиокорпорациясынын алтын фондусуна, Кыргызстан композиторлор союзуна үч миңге жакын элдик күүлөрдү жаздырган экен.

Мындан сырткары, «Санжырачылар жана уламалар» аттуу жыйнакка материал топтогон. Буудайбек Сабыр уулу чыгармачылык өмүрүнүн 50 жылын элдик оозеки чыгармачылыкка, күүлөрдү чогултууга арнап, Кыргыз радиосунун Алтын фондуна 3000ге жакын обондорду жаздырууга жетишкен.

Эми биз Буудайбек Сабыр уулунун эмгектерине киришерден мурда, 2010-жылдын 19-февралында “Агым” газетасына жарык көргөн “Буруттун сөзүн “буудайдай” терген Буудайбек” аталышында жарык көргөн макалынын айрым бөлүктөрүнө киришүү катары токтолууну туура көрдүк.

Темирбек Алымбеков Буудайбек Сабыр уулу менен кездешүүсүн төмөндөгүчө баштагаган: “Балтадай аппак муруттуу, коёндой жылмайган Буудайбек Сабыр уулу деген карапайым аксакалыбыз бар эле. Азыр 77 жашты таяп калган кези. Тилекке каршы, “колубуздагы алтындын баркы жок” дегендей. Болбосо, Кыргызстанды кыдырып, таланттуу манасчыларды, төкмөлөрдү, комузчуларды, кыл кыякчыларды, өнөрпоздорду таап, ишинин аягына чейин үйүнө киргизип, сүрөткө тартып, акын-жазуучулар, интеллигенция өкүлдөрү менен жолуктуруп, алардын таланттарын Кыргыз радиосунун алтын фондуна жаздырып алган. Келечек муундар үчүн ак эмгек кылган Буудайбек Сабыр уулунун баасы бүгүн башкача болмок деп айта аласызбы? Кыргыз элинин адабий-маданий мурасына кайдыгер карабаган агартуучу инсан биздин редакциянын босогосун аттап, биз билбеген, баарыбызды кейиткен нерселер тууралуу айтып берди”.

Жогоруда берилген баасы анын ишмердүүлүгүндөгү урунттуу окуялардын ачылышына бир аз кирип, ошол мезгилде бул инсан татыктуу баасын албай жүргөндүгүн өкүт катары белгилегенин, жыйноочулук ишиндеги урунттуу жагдайлар, түрдүү окуялар тууралуу айтылганын байкадык.

Мына ушундай эскерүүлөр, баяндар кийин 1980-жылы “Мектеп” басмасында 10 000 нускада чыккан. Китептин редактору К. Ашымбаев, сүрөтчүсү А. С. Ахматов, техникалык редактору А. Байбөрүев, корректору Б. Ибраева болгон. “Акындар”, “Манасчылар”, “Комузчулар”, “Кыякчылар” деген 4 бөлүмдөн турган “Эл шайырлары” китебине Жайлообек Бекниязов тарбынан “Кыргызстан маданияты” журналына 1981-жылдын 12-февралында чыккан рецензиясына жана анын орунттуу учурларына кайрылалы. Анда: “Буудайбек Сабыр уулунун көп жылдан бери кыргыз өнөрпоздорун издеп, чыгармаларын жыйнап жүргөнүн билчү элек. Ошол эмгектин жыйынтыгы же үзүрү катарында Буудайбек Сабыр уулу жазган “Эл шайырлары” аттуу китебин колубузга алып, барактаганыбызда, бул китеп бизге радиодон угуп, телевизордон көрүп жүргөн өнөрпоздордун бир тобу жөнүндө кабар берип, тааныштырып койду. Анда ар бир өнөрпоз жөнүндө чакан очерк арналган. Калык, Осмонкул, Алымкул сыяктуу элге кеңири белгилүү ысымдардын башка биз угуп, уга элек адамдар жөнүндө жазылган. Алардын катарында Мамбет, Мамбетаалы, Орок, Сейдене, Чал, Сыйна жана башкалар бар. Ар бир аңгемесин окуганда жандуу турмуш көзгө элестеп, ошол адамдардын жашоо шарты, талантынын тарбияланышы жөнүндө кадимкидей толук түшүнүк алууга болот. Кургак информация эмес, колориттүү баяндамаларда юмор, катаал турумуштун элеси, талантка болгон сүймөнчүлүк кошо жүрөт.

“... Элиңдин аты эмине,

Жериңдин аты эмине

Шаарыңдын аты эмине, - деп бир акын кезек бергенде, Сыдык акын:

Менден беш-алты сурадың,

Шаарымдын аты Ош болот,
Барганда адам биз менен,
Ажырагыс дос болот
Кара алтын – Таш-Көмүр,
Сурьма, сымап кени бар.
Барып калсаң шол жерге,
Белек болор зайыбыңа

Бир шише сымап куюп ал, - деп төгүп жиберет. Берки акын “Мен качтым” деп чыга качыптыр. Сыдык акын кичинесинен жетим калып, эски замандын катаалдыгын толугу менен тартып, өзүнүн зарделүүлүгүнөн, элдин айкөлдүгүнөн адам болуп, акын болуп кеткен экен. Көпчүлүгүнүн жолу ошондой. Бир акын жөнүндөгү аңгемеде башка акындар, башка өнөрпоздор жөнүндө да айтылат. Алардын элестери чакан штрихтер менен эсте каларлык тартылган. Ошол эле Сыдыкты тарбиялап өстүргөн адамгерчиликтүү Ботобай акынды байкаңыз. Сыдык Ташмат аттуу акынга:

Сен жарабайсың коного,
Кошулбайсың жоргого,
Үйүңдө жатып көп ичип,
Семиргенсиң бозого, - деп ыр кайрып турса, Ботобай:
Насия кылбай бала ырчы,
Нак бергенсип ырдайсың.
Бозо кылып ичкин деп,
Ташмат аттуу акеңе,
Шак бергенсип ырдайсың, - деп элди күлдүргөн.

Буудайбек Сабыр уулу өз көзү менен көрүп, укканын жөнөкөй тил менен баяндап берет. Ал бир туруп Алайдын алыскы Талдык белинде, бирде көлдө. “Күндөрдүн биринде үйдөн кызматка келе жатып, жолдон Композиторлор союзуна бурула калып, темир комузчу эжени кездештирдим...

“...- Багылдыр тоо” дегени эмнеси?” - темир комузчу Сыйна Шайбековадан сурап жатат.

“- Апам айтаар эле: «Илгери-илгери бир тоголок жетим кызды бай кемсинтип, үйлөрүнөн окчунураак, өзүнчө жалгыз алачык тигип берет. Ошол алачыкта жашап, байдын кызматын кылып жүрөт. Бир күнү булакка барып, суудан чакасына толтура суу сүзүп алып, энеси менен атасын эстеп көз жашын төгүп муңайып отурса, мылтыктын тарс эткен үнү чыгат. Кыз жалт карап, тоо эчкинин эркек улагы-багылдыр ара-бери жүгүрүп жүргөнүн байкайт. Көрсө, мерген энесин жардан кулата аткан экен.

Кыз чакасынын кулагын акырын кылдыратса, багылдыр тыңшап, кулак түрүп калат. Эртеси кыз сууга келсе, багылдыр негедир ошол жерди пааналап айланчыктап, энесин издегенсийт. Кыз чакасынын кулагын кылдыратса, багылдыр кулагын делдейтип көз чаптырат. Кыз жолдон бир темир мык таап алып, булактын четине отуруп, таш менен жукартып, сөөмөйү менен какса үн чыгат. Күнүгө сууга келген сайын ошол темирди темир комуздай кылып ийип, оозуна такап, үн чыгарып кагып жүрөт. Багылдыр болсо, ошол жерге үйүр алып, булактын тегерегинде жүрүп чоңоёт. Кыз булакка келип алып:

“Багылдыр тоодон келдиңби?
Кел, келегой, багылдыр!” - деп темир комуз менен сүйлөтүп кагат.

Ошентип жүрүп багылдыр кызга өтө үйүр болуп кетет. Күндөрдүн биринде кыз

кара алачыгын ичинде “Багылдыр тоодон келдиңби?” деп кагып олтурса, багылдыр кара алачыктын ичине кирип келиптир”. Адам менен жаратылыштын биримдиги, алардын окшоштугу, киндиктеш экендиги кандай сонун айтылган.

Ар бир күү – элдин тарыхы, жөн эле жерден жаралып калбаган, кандайдыр болгон окуядан, же жаратуучунун турмушка, табиятка болгон дилгир сезиминен, ой толгоо философиясынан жаралган. Маамыт айткан “Бекташ”, Жалил айткан “Эр Табылды жалгызым” ж. б. элдин баатырдык күрөшүнөн кабар берсе, далай күүлөр – махабаят баяны. Көпчүлүк өнөрпоздордун баянында Токтогул жөнүндө айтылат. Ошолорду чогултуп карап турсаңыз, кыргыз маданиятын, өнөрүн өркүндөтүүгө Токтогулдун салымынын зорлугу, анын өзүнүн залкар элеси көзгө тартылат. Ал, чынында эле, эбегейсиз зор рухий күчтүн ээси экендиги даана көрүнөт.

Кыскасы, Сабыр уулу элдик өнөрпоздорду калың окурманга тааныштырып, эң жакшы ишти аткарыптыр”, - деген таасын баасын берген [1].

“Эл шайырлары” китебин колубузга алып барактап, ачуудан мурун анын аталышынын мааниси дагы өзгөчө экенин баса белгилегибиз келет. Элибизде “Шагылы болбой, зоо болбойт, шайыры болбой, эл болбойт” деген сөз бар эмеспи. Эгер биз, чындыгында, элдин жашоосуна, турмушуна назар салсак, алардын ар бир күнү өзгөчө түрдө айырмаланып, шаңдуу өтүшү керек. Ал эми ар бир күнүбүздү шаңдуу, майрамдагыдай жашап өтүүгө таланттуу, өнөрлүү инсандардын салымы керек болот. Мындай урмат-сыйга ар бир адам эле ээ болуп, шайыр боло албайт. Алардын туулгандан тарта жараткандан берилген кандайдыр бир шыбагасы болот эмеспи. Ошол нерсени андан ары өркүндөтүп, талантын журт арасында тартуулап, кадыр-баркка ээ болушат. Булар биздин турмушубузга түс берип, чарчоону унуттуруп, жан дүйнөнүн жаңырыгын ойготуп, өмүргө болгон сүйүүнү калыптандырып, адамдагы асыл сапаттарды арттыра алышат. Муну менен гана чектелбестен, чыгармалары, эмгектери аркылуу ак менен караны ажыратып, өмүрдү маанисин ачышат. Булактын көзүн ачкан сыяктуу эле, адамдардын көзүн ачып, рухий баалуулуктарды ачып беришет. Мындан улам, шайырлары болбогон элди “эл” деп айтуу кыйыныраак болоруна ынандык.

Жыйынтыктап айтканда, элдик оозеки чыгармаларда элдин көп кылымдык турмушу, өткөн тарыхы, келечек үмүт-тилеги жогорку көркөмдүктө чагылдырылат. Себеби ошол көркөм сөз нускалары канчалаган муундун кулагына сиңип, акыл-эсинде калчанып, оозунда айтылып олтуруп бизге чейин жетти. Жаш муундарга ата-бабаларынын бай тажрыйбасын өткөрүп берүүдө, аларга дүйнө таанытууда, таалим-тарбия берүүдө көчмөн жоокерчилик далай заманды башынан кечирип, калк учугун улап келген кыргыз өңдүү элдерде анын мааниси өзгөчө болуп келген. Кыргыз элинин оозеки чыгармачылыгы өтө бай жана көп түрдүү: макал, ылакап, жаңылмач, табышмак, санат, насаат, үлгү-нуска терме ырлар, жөө жомок жана чоң жомок аталып келген эпикалык мурастын уюткулуу түрү. Мына ушундай уюткулуу бай мураска Буудайбек Сабыр уулу чоң эмгек жасаганы талашсыз.

**Адабияттар:**

1. Бекниязов, Ж. Эл өнөрү элдин жүзү [Текст] / Ж. Бекниязов // Кыргызстан маданияты. -1981. - № 7.
2. Кыргыз поэзиясынын антологиясы. 1-китеп [Текст]. - Фрунзе, 1980.
3. Эркебаев, А. Кыргыз адабиятынын аз изилденген барактары [Текст] / А. Эркебаев. - Бишкек, 2004.
4. Эл шайырлары: Адабий маек [Текст]. - Фрунзе: Мектеп, 1980.